**Курамы**
Ар бир капсулада: холина альфосцерат 400 мг.

**Колдонууга көрсөтмөлөрү**
-Ишемиялык жана геморрагиялык инсульттан, баш мээ жаракатынан кийин калыбына келүү мезгили;
-Дегенеративдик жана инволюциялык психоорганикалык синдромдор, ошондой эле мээ кан айлануу жетишсиздигинин кесепеттери: эс тутумунун баштапкы жана экинчи даражадагы бузулушу, аң-сезимдин тумандашышы, дезориентация, мотивациянын, демилгенин жана көңүл топтоонун начарлашы;
-Эмоциялык жана жүрүм-турумдук чөйрөдөгү өзгөрүүлөр: эмоциянын туруксуздугу, ачуулануга жакындык, кызыгуунун төмөндөшү;
-Карылыкка байланыштуу псевдомеланхолия;
-Көп инфаркттуу деменция.

**Колдонуу тартиби жана дозасы**
Медотилинди тамактан алдын, ооз аркылуу, күнүнө 3 жолу 1 капсуладан ичишет. Дарылоонун узактыгы 3–6 айга чейин болушу мүмкүн. Дарылоонун узактыгын дарыгер оорунун өзгөчөлүктөрүнө, терапиялык таасирине жана дарыны көтөрүмдүүлүгүнө жараша аныктайт.

**Чыгарылыш формасы**
Капсулалар. 14 капсуладан блистерде. 1 же 2 блистер жана медициналык колдонуу боюнча нускама картон кутуда берилет.

**Фармакологиялык касиеттери**
**Фармакодинамикасы**
Медотилин — борбордук нерв системасында (БНС) холин рецепторлорунун ишине таасир этүүчү холиномиметик, нейрометаболикалык стимуляторлордун тобуна кирет жана нейропротектордук таасир берет. Таасир механизми холина альфосцерат организмге түшкөндөн кийин ферменттердин жардамы менен холин жана глицерофосфатка ажырашына негизделген. Холин — негизги нейромедиаторлордун бири болгон ацетилхолиндин синтези үчүн керек, ал эми глицерофосфат нейрон мембраналарынын фосфолипиддеринин прекурсору болуп эсептелет. Медотилин холинергиялык нейрондордогу нерв импульстарынын өткөрүлүшүн жакшыртат, нейрон мембраналарынын ийкемдүүлүгүн жана рецепторлордун функциясын жогорулатат, мээ кан айлануусун активдештирет, БНС жана ретикулярдык формациянын метаболизмин стимулдайт.
Инволюциялык же тукум куума-дегенеративдик психоорганикалык синдрому бар бейтаптарда когнитивдик жана жүрүм-турумдук реакцияларды жакшыртат, көңүл топтоо, эстеп калуу жана кайра эстеп чыгаруу жөндөмүн

көтөрөт. Көңүл-күйдү жакшыртат, эмоциялык туруксуздукту, ачууланууну жана апатияны азайтат. Акыл-эс ишмердүүлүгүн активдештирет.

**Фармакокинетикасы**
Ооз аркылуу кабыл алганда сиңүүсү 88% түзөт, гематоэнцефалдык тосмодон оңой өтөт, негизинен мээде (кан плазмасындагы концентрациянын 45%), ошондой эле боордо жана өпкөдө топтолот. Негизинен көмүр кычкыл газы түрүндө өпкө аркылуу бөлүнүп чыгат (85%), калган бөлүгү бөйрөк жана ичеги аркылуу чыгарылат.

**Каршы көрсөтмөлөр**
- Препараттын компоненттерине жогорку сезимталдык;
- Кош бойлуулук;
- Эмчек эмизүү мезгили.

**Кыйыр таасирлери**
Аллергиялык реакциялар, жүрөк айлануу (дофаминергиялык процесстердин стимуляциясынан улам).
Адатта, препарат узак колдонууда да жакшы көтөрүлөт.
Дары каражаты каттоодон өткөндөн кийин аны колдонууга байланыштуу шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүүлөр өтө маанилүү болуп саналат. Эгер бейтапта олуттуу жагымсыз реакция же бул бөлүмдө сүрөттөлбөгөн жаңы терс таасир пайда болсо, бул тууралуу Улуттук фармаконадзор системасына ылайык маалымат берүү суралат.

**Дары каражаттар менен өз ара аракеттенүүсү**
Медотилиндин башка дары каражаттар менен өз ара аракеттенүүсү жөнүндө маалымат жок.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Эгер препаратты ичкенден кийин жүрөк айлануу пайда болсо, дозаны азайтуу сунушталат.

**Жүктөлүү жана эмчек эмизүү мезгилинде колдонуу**
Препарат жүктөлүүдө колдонууга каршы көрсөтүлгөн. Дарылоо учурунда эмчек эмизүүнү токтотуу керек.

**Педиатрияда колдонуу**
Балдарда Медотилинди колдонуу боюнча тажрыйба жок.

**Унаа айдоо жана механизмдерди башкаруу жөндөмүнө тийгизген таасири**
Медотилин унаа айдоого жана кооптуу механизмдер менен иштөөгө таасир бербейт.